Бул макалада климаттын өзгөрүү шартына байланыштуу аялдардын, балдардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын осалдуулугун психологиялык жактан баалоонун негизги аспектилери изилденет. Осалдуулуктун эмоционалдык, когнитивдик, жүрүм-турумдук жана социалдык компоненттери комплекстүү түрдө каралат. Тандалган теманын актуалдуулугу климаттык өзгөрүүлөргө байланышкан тобокелдиктердин аталган калк топторунун психикалык абалына жана адаптациялык мүмкүнчүлүктөрүнө тийгизген көп кырдуу таасири менен шартталат. Изилдөөнүн алкагында негизги тобокелдик факторлору, психологиялык реакциялар жана стресске туруктуулукту калыптандыруу механизмдери аныкталган. Климаттын өзгөрүү шарттарында аялдардын, балдардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын осалдуулугун азайтуу максатында психологиялык коопсуздукту камсыздоого багытталган сунуштар берилет. Ошондой эле психологиялык жана социалдык колдоонун, жарандык билим берүүнүн натыйжалуу стратегиялары сунушталат.

**Ачкыч сөздөр:** климаттын өзгөрүшү, психикалык абал, психологиялык баалоо, стресске туруктуулук механизмдери, психологиялык коргонуу

**Шилтеме үчүн:** Адилжан кызы Ж., Курбанова Б.С., Исманова Н.А. (2025). Климаттын өзгөрүү шартына байланыштуу аялдардын, балдардын жана ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын осалдуулугун психологиялык баалоо. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 3(3), бб. 60-67. doi: 10.65469/eijournal.2025.3.3.7

## Киришүү

Климаттын өзгөрүшү XXI кылымдын глобалдык маселеси болуп саналат жана калктын экологиялык, социалдык жана психологиялык коопсуздугуна олуттуу таасир тийгизет [6,8].

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

Экстремалдуу аба ырайы көрүнүштөрү — кургакчылык, суу ташкыны, аномалдуу ысык, абанын сапатынын начарлашы жана табигый кырсыктар — стресс жүгүн күчөтүп, тынчсызданууну өсүшүнө, психологиялык туруктуулуктун төмөндөшүнө, белгисиздикке жана өмүргө коркунуч жаралышына алып келет. Өз алдынча адаптациялануу жана калыбына келүү мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгондуктан, өзгөчө тобокел тобуна аялдар, балдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар кирет [11].

Адам өзүн коопсуз, көзөмөлдө жана таянычта сезүү үчүн ички ресурстары жетишсиз болгондо, ал осал абалга түшөт. Осал адам эмоцияларды күчтүүрөөк баштан кечирип, стресске өтө сезимтал болот. Кээде ага тышкы шарттар менен күрөшүү жана башка адамдар менен өз ара аракеттенүү кыйынга турат. Мындай адам түшүнүксүз болуп калуудан же четке кагылуудан коркуп, өзүнүн сезимдери же жетишкендиктери менен бөлүшүүдөн тартынат. Айрым учурларда осалдуулук физиологиялык реакциялар менен коштолот: булчуңдардын чыңалуусу, жүрөк кагышынын жана дем алуунун тездеши, ичеги-карын спазмдары. Психологиялык осалдуулуктун тамыры көп учурда балалык мезгилге барып такалат, анткени ошол учурда ата-эненин колдоосу жетишпей, коргоо жана көңүл буруу муктаждыктары толук канааттандырылбай калган учурлар болот [4,5].

Психологиялык осалдуулук — бул тышкы стрессорлорго карата жогору сезимталдык абалы болуп, анда адаптациялык мүмкүнчүлүктөр төмөндөп, дезадаптивдүү реакциялардын пайда болуу ыктымалдыгы жогорулайт [4,11].

Психологиялык осалдуулуктун негизги аспектилерине төмөнкүлөр кирет:
– эмоционалдык аспект — тынчсыздануунун жана белгисиздиктин күчөшү, келечек жана үй-бүлөнүн коопсуздугу үчүн коркуу, эмоционалдык туруксуздук, коркунучтарга жогору сезимталдык;
– когнитивдик аспект — кырдаалды баалоо жана чечим кабыл алуу жөндөмүнүн бузулушу, көңүл топтоонун төмөндөшү, тобокелдиктерди бурмалап кабыл алуу, климаттык окуялардын кесепеттерин толук түшүнбөө;
– жүрүм-турумдук аспект — качуу же паникалык реакциялар, импульсивдүү жүрүм-турум, кадимки жашоо тартибинин бузулушу, айланадагылардын жардамына көз карандылык;
– социалдык аспект — колдоонун жетишпесдиги, социалдык обочолонуу коркунучу, ресурстарга жетуу чектелген, үй-бүлөдөгү стресс деңгээлинин жогору болушу [7,10].

Аялдардын, балдардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын климаттын өзгөрүшү шарттарындагы осалдуулугун психологиялык баалоо темасы азыркы тез өзгөрүп жаткан коомдо өтө актуалдуу бойдон калууда. Климаттык өзгөрүүлөр контекстиндеги осалдуулук — бул адамдын же топтун климаттык өзгөрүүлөрдүн терс кесепеттеринен жабыркоо коркунучун жогорулаткан факторлордун жыйындысы [6,8].

Изилдөөнүн объектиси — климаттык өзгөрүүлөр шартындагы калк топторунун социалдык-психологиялык осалдуулугу, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районундагы Коммунизм айылында жайгашкан, 1936-жылдан бери иштеп келе жаткан дүлөй балдар үчүн Кара-Суу атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернаты [1]. Бул мектеп-интернат аялдардын, аял-ата-энелердин, балдардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын климаттык өзгөрүүлөр шартындагы осалдуулугуна байланышкан көйгөйлөргө туш болууда.

Изилдөөнүн гипотезасы — осалдуулук тобокелдиктерин азайтуу үчүн климаттык, социалдык жана психологиялык саясатты айкалыштырган комплекстүү ыкма зарыл, ал стресске

туруктуулукка, билим берүүнүн сапатына жана жалпы жакшы жашоо шарттарына оң таасир тийгизет.

Изилдөөнүн максаты — климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине байланыштуу аялдардын, балдардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын (ДМЧА) психологиялык аялуулугунун механизмдерин негиздөө, тобокелдик факторлорун аныктоо жана бул калк топторуна психологиялык колдоо көрсөтүү менен адаптациялоо багыттарын аныктоо [7,9].

**Изилдөөнүн предмети** — климаттык стрессорлордун шартында (ысык толкундар, суу ташкыны, ден соолуктун начарлашы, кадимки жашоо чөйрөсүнүн бузулушу, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр) аялдардын, балдардын жана ДМЧАнын аялуулугунун көрүнүштөрүнө психологиялык баа берүү.

Тажрыйба көрсөткөндөй, изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү **милдеттерди** аткаруу зарыл:

1. Климаттык аялуулук жана экологиялык психологияны түшүндүргөн теориялык ыкмаларды талдоо.
2. Климаттык стрессорлор шартында аялдардын, балдардын жана ДМЧАнын психологиялык туруктуулугунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо.
3. Климаттык өзгөрүүлөргө кабылуучулукту жогорулатуучу тобокелдик факторлорун (социалдык, эмоционалдык, жүрүм-турумдук, когнитивдик, физиологиялык) аныктоо.
4. Климаттык коркунучтарды кабыл алуу, тынчсыздануу жана стресс деңгээли, копинг-стратегиялар боюнча психологиялык диагностика жүргүзүү.
5. Ар кандай аялуу топтордун реакцияларын салыштырып, эң критикалык тобокелдик зоналарын аныктоо.
6. Социалдык-экономикалык шарттардын (кедейчилик, маалымдуулуктун төмөндүгү, социалдык обочолонуу ж.б.) таасирин баалоо.
7. Климаттык стресстин алдын алуу, психологиялык колдоо жана адаптациялык ресурстарды күчөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
8. Аялуу топторду коргоо боюнча мамлекеттик жана билим берүү мекемелери үчүн иш багыттарын аныктоо [9,11].

Белгилей кетүүчү нерсе, климаттык тобокелдиктер шартында коркунучтардын алдын ала божомолдонбошу, кырдаалды көзөмөлдөөнүн жоголушу, жашоо шарттарынын начарлашы жана кадимки чөйрөнүн бузулушу аялуулукту күчөтөт. Айрыкча климаттык коркунучтарга карата аялдар, балдар жана ДМЧА эң корголбогон топтор болуп саналат. Бул топтордун биологиялык, психологиялык жана социалдык өзгөчөлүктөрү климаттык факторлордун таасирин күчөтүп, дезадаптация коркунучун жогорулатат.

Ошондуктан алардын аялуулугун психологиялык баалоо илимий изилдөөлөрдүн жана практикалык иштин маанилүү багыты болуп саналат жана төмөнкү себептерден улам актуалдуулугун тастыктайт:

**Климаттык коркунучтардын күчөшү** — глобалдык климаттык өзгөрүүлөр мурда болжолдонгондон ылдамыраак жүрүүдө; табигый кырсыктардын (суу ташкыны, көчкү), экстремалдуу температуранын, суу тартыштыгынын жана санитардык-гигиеналык шарттардын начарлашынын жыштыгы өсүүдө. Бул факторлор аялуу топтордун психологиялык абалына түздөн-түз таасир этет.

**Стресске жогорку сезимталдык** — аялдар, балдар жана ДМЧАнын ар бири аялуулукту күчөтүүчү өзгөчө мүнөздөмөлөргө ээ.

**Психологиялык кесепеттер** — тынчсыздануунун жана белгисиздиктин өсүшү, эмоционалдык туруксуздук, уйкунун бузулушу, депрессиялык абалдар, фобиялар жана травмадан кийинки стресс бузулуусу. Узакка созулган климаттык стресс адаптациянын бузулушуна, жашоо сапатынын төмөндөшүнө жана социалдык интеграциянын начарлашына алып келет.

**Психологиялык баалоо ыкмаларынын жетишсиз иштелиши** — климаттык изилдөөлөр көбөйгөнүнө карабастан, аялдар, балдар жана ДМЧАнын аялуулугун психологиялык баалоо толук чагылдырылган эмес.

**Диагностикалык методикалардын жана профилактикалык системалардын жетишсиз стандартташтырылышы**, адаптацияланган жардам программаларынын жана ведомстволор аралык колдоо стратегияларынын чектелүүлүгү.

Изилдөөнүн социалдык жана гуманитардык мааниси психологиялык аялуулукту түшүнүү аркылуу экстремалдуу окуялардын кесепеттерин азайтууга, аялуу топтордун коргоосун жана коопсуздугун камсыздоого, туруктуулук жана адаптация программаларын иштеп чыгууга, калктын жашоо сапатын жана психикалык ден соолугун жакшыртууга, ошондой эле климаттык коопсуздук чөйрөсүндө мамлекеттик жана социалдык саясаттын натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет [6,10].

Ошентип, аялдардын, балдардын жана ДМЧАнын психологиялык аялуулугун изилдөөнүн актуалдуулугу климаттык коркунучтардын өсүшү жана алардын психикалык ден соолукка тийгизген олуттуу таасири менен шартталат. Аялуулук факторлорун аныктоо жана психологиялык баалоо колдоо, адаптация жана коргоо боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгууга шарт түзөт. Бул багыт экологиялык психологиянын, социалдык иштин, медицинанын, педагогиканын жана мамлекеттик башкаруунун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Климаттык өзгөрүүлөр психологиялык стресс булагы катары курч реакцияларды (паника, коркуу, дезориентация), узакка созулган экологиялык стрессти (ысык, суу тартыштыгы), табигый кырсыктардан кийинки травмалык реакцияларды жана экокыжаалатчылыкты — планетанын жана жеке жашоонун келечеги үчүн тынчсызданууну жаратат.

Аялдардын психологиялык аялуулугу социалдык-экономикалык чектөөлөргө көбүрөөк туш болуу, балдарга жана улгайгандарга болгон жоопкерчилик, ресурстарга жетүүнүн чектелиши менен күчөйт. Негизги тобокелдик факторлоруна гендердик теңсиздик, «үй-бүлөнүн сакчысы» ролу, жогорку эмоционалдык жүк жана кризис шартында травматизация коркунучу кирет. Натыйжада тынчсыздануу бузулуусу, депрессия, эмоционалдык күйүп кетүү, травмадан кийинки стресс жана кырдаалды субъективдүү көзөмөлдөөнүн төмөндөшү байкалат.

Балдарда эмоцияны жөнгө салуу көндүмдөрү толук калыптана элек, критикалык ой жүгүртүү начар жана чоңдорго көз карандылык жогору болгондуктан, айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө өзгөчө сезимтал болушат. Аларда коркуулар, фобиялар, уйкунун бузулушу, жүрүм-турум регрессиясы, окуудагы жетишкендиктердин төмөндөшү, соматизация жана травмадан кийинки стресс пайда болушу мүмкүн.

ДМЧА климаттык коркунучтарда кыймылдын чектелиши, коммуникациядагы кыйынчылыктар, адаптацияланган маалыматтын жетишсиздиги жана жабдууларга көз

карандылык себептүү өзгөчө аялуу болушат. Стресске болгон реакцияларда тынчсыздануунун өсүшү, алсыздык сезими, коопсуздуктун бузулушу, социалдык оболонуу (изоляция), когнитивдик жана эмоционалдык абалдын начарлашы байкалат.

Аялдар үчүн адаптациялык ресурстарга позитивдүү копинг-стратегиялар, социалдык байланыштарга таянуу жана жогорку эмпатия деңгээли кирип, туруктуулукту жогорулатат. Балдарда негизги адаптация фактору — маанилүү чоңдордун колдоосу жана коопсуз чөйрөнүн болушу; оюн, арт-терапия жана топтук ыкмалар натыйжалуу. ДМЧА үчүн индивидуалдык ыкма зарыл: жеке эвакуация пландары, жеткиликтүү инфраструктура, коштоочу адамдар, когнитивдик жана сенсордук колдоо.

Изилдөөдө төмөнкү ыкмалар колдонулду: атайын адабияттарды жана публикацияларды талдоо, маалыматты иреттөө, мүнөздөмө берүү, структураланган интервью, байкоо, психодиагностикалык тесттер, травмалык тажрыйбаны талдоо, жашоо чөйрөсүн жана жеткиликтүү ресурстарды баалоо. Эмоционалдык реакцияларды (тынчсыздануу, коркуу, стресс), когнитивдик функцияларды (тобокелдикти баалоо, коркунучту аңдоо), жүрүм-турум реакцияларын (качуу, паника, дезорганизация), социалдык колдоо деңгээлин жана адаптациялык ресурстарды баалоо аялуулук менен иштөөнүн натыйжалуулугун арттырат.

Психологиялык баалоонун негизги аспектилери тобокелдик деңгээлин жана психикалык абалды аныктоого мүмкүндүк берген комплекстүү ыкмаларды камтыйт:

*1. Диагностикалык багыттар:*

- Эмоционалдык чөйрө — тынчсыздануу, коркуу, стресс туруктуулугу;
- Когнитивдик чөйрө — тобокелдикти түшүнүү, чечим кабыл алуу;
- Жүрүм-турумдук чөйрө — экстремалдуу кырдаалдарда аракеттердин адекваттуулугу;
- Социалдык ресурстар — колдоонун болушу, жардамга жеткиликтүүлүк;
- Адаптациялык мүмкүнчүлүктөр — кыйынчылыктарга ыңгайлашуу, копинг-стратегиялар.

2. *Кеңири колдонулган ыкмалар:*
- интервью жана маектешүү;
- реалдуу же моделделген шарттарда байкоо;
- психометриялык тесттер (тынчсыздануу, депрессия, стресс туруктуулугу шкалалары);
- жашоо кырдаалын талдоо;
- айлана-чөйрөнү жана ресурстарды баалоо.

Колдоо жана адаптациянын натыйжалуу системаларын түзүү климаттык чакырыктарга карата коомдун туруктуулугун жана психикалык ден соолукту камсыздоонун негизги шарты болуп саналат.

Психологиялык колдоонун негизги багыттары:
*Индивидуалдык чаралар* — эмоционалдык жөнгө салуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, кризистик жана консультациялык колдоо, коркуу жана тынчсыздануу менен иштөө, жеке туруктуулукту бекемдөө;
*Топтук чаралар* — аялдар үчүн тренингдер, балдар үчүн коррекциялык-өнүктүрүүчү сабактар, ДМЧА үчүн колдоо программалары, үй-бүлөлөр менен психоагартуу иштери;
*Уюштуруучулук-социалдык чаралар* — жеткиликтүү инфраструктураны түзүү, калкты климаттык коркунучтарда аракеттенүүгө үйрөтүү, эрте эскертүү системаларын өнүктүрүү, ведомстволор аралык кызматташтык [5,8,9].
Иш жүзүндө индивидуалдык колдоо, когнитивдик-бихевиоралдык терапия, кризистик консультация, эмоционалдык жөнгө салуу жана стресс туруктуулугу боюнча окутуу колдонулду. Ошондой эле өз ара жардам топтору, аялдар жана үй-бүлө борборлору, балдар

үчүн өнүктүрүүчү жана терапиялык сабактар, ДМЧАнын укуктарын коргоо жана коштоо ишке ашырылды. Системалуу ыкма катары эрте эскертүү кызматтарын өнүктүрүү, жеткиликтүү чөйрө түзүү, өзгөчө кырдаалдарда аракеттенүүгө окутуу жана психологиялык агартуу программаларын киргизүү жүргүзүлдү.

Жыйынтыктап айтканда, климаттын өзгөрүшү шартында аялдар, балдар жана ДМЧА эң аялуу калк топтору болуп саналат. Алардын психологиялык аялуулугу биологиялык, социалдык жана экономикалык факторлордун айкалышы менен шартталат. Психологиялык баалоо климаттык стрессорлор тынчсызданууну, депрессияны, алсыздык сезимин, социалдык изоляцияны жана стрессти күчөтөрүн көрсөтөт, айрыкча ресурстар жана колдоо жетишсиз болгондо. Өз убагында баалоо дезадаптация коркунучун аныктап, натыйжалуу колдоо чараларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Диагностика, профилактика жана адаптацияны камтыган комплекстүү ыкма климаттык өзгөрүүлөр күчөгөн шартта психикалык жыргалчылыкты камсыздоонун негизги шарты болуп саналат. Психологиялык диагностика топтордун адаптацияга даярдыгын жана мүмкүн болгон кесепеттерин аныктоодо чечүүчү роль ойнойт. Аялдардын, балдардын жана ДМЧАнын корголбогондугун реалдуу баалоо тобокелдик деңгээлдерин так аныктоого, аялуулуктун механизмдерин ачууга жана атайын адаптация чараларынын зарылдыгын негиздөөгө шарт түзөт. Психикалык ден соолукка, социалдык коргоого, туруктуу инфраструктурага жана билим берүүгө инвестициялар климаттык кризиске каршы коомдун туруктуулук стратегиясынын негизги элементтери болуп саналат.

**Адабияттар**

1. Закон Кыргызской Республики «Об образовании» от 30.04.2003 г. № 92 (в ред. 2022 г.), стр. 4
2. Закон Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе» от 30.05.2016 г. № 75., стр. 2, стр.4-2
3. Кодекс Кыргызской Республики о труде от 4 августа 2022 г. № 88., стр. 2
4. Барг Л. Психологическая устойчивость населения в условиях природных катастроф. – М., 2020.
5. Выготский Л. Психология искусства, 1998
6. Изменение климата и здоровье. ВОЗ (WHO), 2022.
7. ЮНИСЕФ. Дети и изменение климата: Глобальный доклад. – 2021.
8. МГЭИК (IPCC). Изменение климата 2023: Воздействия, адаптация и уязвимость.
9. Плахотников К., Сердюкова Н. Психологическая помощь уязвимым группам населения.– СПб., 2019.
10. ООН-женщины (UN Women). Гендер и изменение климата. – 2022.
11. Американская психологическая ассоциация (APA). Экологический стресс и психическое здоровье. – APA, 2020.
12. Аманали кызы Ш., Имаралиева Ж.Р. (2025). Мектепке чейинки курактагы балдардын агрессиясы: диагностика жана коррекциялоо ыкмалары. Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, 2(2), бб. 1-8. DOI: 10.65469/eijournal.2025.2.1

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2025, 3(3), сс. 60-67
**doi:** 10.65469/eijournal.2025.3.3.7
eijournal.ilimbilim.kg

ПСИХОЛОГИЯ / PSYCHOLOGY
УДК 316.6

# Психологическая оценка уязвимости женщин, детей и лиц с ОВЗ к условиям изменения климата

**Адилжан кызы Жамила**
*магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан, jamila883782@gmail.com*
*ORCID: 0009-0002-1652-563X*

**Курбанова Бурулкан Сыдыковна**
*магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан, burulkank7@gmail.com*
*ORCID: 0009-0005-1102-2330*

**Исманова Нурлан Абдрасуловна**
*к.с.н., доцент, Ошский государственный университети, Кыргызстан, ismanova.10@mail.ru*

**Аннотация**

В статье рассматриваются психологические аспекты оценки уровня уязвимости женщин, детей и лиц с ограниченными возможностями здоровья (ОВЗ) к условиям изменения климата, включая эмоциональные, когнитивные, поведенческие и социальные компоненты уязвимости. Актуальность выбранной темы и практическая ценность статьи заключается в исследовании особенностей климатических рисков, оказывающих комплексное влияние на психическое состояние и адаптационные возможности указанных групп. Проанализированы факторы риска, психологические реакции и механизмы формирования стрессоустойчивости. Даны рекомендации по совершенствованию мер безопасности и защищенности уязвимости женщин, детей и лиц с ОВЗ к условиям изменения климата для ведения благополучной жизнедеятельности, определены стратегии психологической и социальной поддержки и гражданского образования.

**Ключевые слова:** изменение климата, психическое состояние, психологическая оценка, механизмы стрессоустойчивости, психологическая защита

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2025, 3(3), pp. 60-67
**doi:** 10.65469/eijournal.2025.3.3.7
eijournal.ilimbilim.kg

ПСИХОЛОГИЯ / PSYCHOLOGY
УДК 316.6

# Psychological Assessment of the Vulnerability of Women, Children, and Persons with Disabilities (PWD) to Climate Change Conditions

**Adilzhan kyzy Jamila**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan*, jamila883782@gmail.com
*ORCID 0009-0002-1652-563X*

**Kurbanova Burulkan Sydykovna**
*Master's Student, Osh State University, Osh State University, Kyrgyzstan*, burulkank7@gmail.com
*ORCID 0009-0005-1102-2330*

**Nurlan Abdrasulovna Ismanova**
*Associate Professor, Candidate of Sociological Sciences, Osh State University, Kyrgyzstan*, ismanova.10@mail.ru

## Abstract

This article examines the psychological aspects of assessing the vulnerability of women, children, and individuals with disabilities to climate change, including the emotional, cognitive, behavioral, and social components of vulnerability. The relevance of the topic and the practical value of the article lie in its exploration of the characteristics of climate risks that have a complex impact on the mental state and adaptive capacity of these groups. Risk factors, psychological reactions, and mechanisms for developing resilience are analyzed. Recommendations are provided for improving safety and security measures to protect women, children, and individuals with disabilities from climate change, enabling them to lead successful lives, and strategies for psychological and social support and civic education are identified.

**Keywords:** climate change, mental state, psychological assessment, stress resistance mechanisms, psychological defense

*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2025, 3(3), бб. 68-80
**doi:** 10.65469/eijournal.2025.3.3.8
eijournal.ilimbilim.kg

АЙЫЛ ЧАРБА / СЕЛЬСКОЕ ХОЗЯЙСТВО / AGRICULTURE
УДК 577:57

# Айыл чарба өсүмдүктөрүнө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасири

**Газибаев Юсуфжон Касымжанович**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан*

**Молдалиев Жоомарт Тумакович**
*б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, joomart77@oshsu.kg*
*ORCID 0000-0001-5525-7629*

**Аннотация**

Бул макалада Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айылдык аймагындагы Жаңы-Турмуш участогунда жайгашкан айыл чарба жеринде жүргүзүлгөн экспериментте айыл чарба өсүмдүктөрүн (*Solanum lycopersicum, Capsicum annuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) өстүрүүдө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасири түшүмдүүлүктү 30-40%га жогорулатканын көрсөттү. Бирок, ашыкча жер семирткичтерди колдонуу экологияга терс таасир тийгизиши мүмкүн. Андан тышкары, жер семирткичтер менен жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасири узак мөөнөттүү туруктуу түшүмдүүлүктү камсыз болорунан кабар берүүсүн баяндаган. Тиешелүү сунуштар иштелип чыккан: жер семирткичтерди белгиленген нормада жана талапка ылайык колдонуу. Гербицид жана инсектициддерди зыянкечтерден коргоо максатта нормада колдонуу зарыл. Суу – өсүмдүктөрдүн биохимиялык жана физиологиялык процесстерине катышкандыктан керектелүүсүнө көңүл буруп, суу режимин байкоо жүргүзүлүүсү каралган.

**Ачкыч сөздөр:** айыл чарба өсүмдүктөрү, тамак аш, витаминдер, жер семирткичтер, суу, минералдык заттар, гербицид, инсектицид

**Шилтеме үчүн:** Газибаев Ю.К., Молдалиев Ж.Т. (2025). Айыл чарба өсүмдүктөрүнө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасири. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 3(3), бб. 68-80. doi: 10.65469/eijournal.2025.3.3.8

## Киришүү

Айыл чарба өсүмдүктөрү күнүмдүк турмушта эң көп колдонулуучу азык заттардын бири болуп саналат. Өсүмдүктүн биохимиялык курамы өскөн аймакка, топурактын физикалык-химиялык касиеттерине, суу режимине жана экологиялык шарттарына, ошондой эле колдонулган химиялык каражаттардын таасирине жараша өзгөрүп турат. Бул жагдайларды изилдөө бүгүнкү күндө актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелет.

Помидор (*Solanum lycopersicum*) – адамдын ден соолугуна тийгизген таасири боюнча кеңири изилденген жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн эң маанилүү түрлөрүнүн бири. Помидордун сапатын жогорулатууга болгон кызыгуу экономикалык аспектилерге гана эмес, биологиялык активдүү заттардын курамына да байланыштуу (Tohge T., Fernie A.R., 2015).

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

Помидордун биохимиялык курамына аминокислоталар, ферменттер, канттар, органикалык кислоталар, клетчатка, пектиндер, минералдык туздар жана фитохимиялык кошулмалар кирет жана ал жашылча катары кеңири колдонулат (Abreu A.C., 2020).

Болгар калемпири (*Capsicum annuum*) азыктык жана витаминдик курамында олуттуу айырмачылыктар бар. Мөмөнүн бышып жетилүү даражасы антиоксиданттар, айрыкча каротиноиддердин деңгээлин аныктоодо маанилүү фактор болуп эсептелет. Польшалык изилдөөчүлөр органикалык заттар менен азыктандырып өстүрүү С витамининин, жалпы каротиноиддердин, β-каротиндин, α-каротиндин, цис-β-каротиндин, фенол кислоталарынын жана флавоноиддердин деңгээлин жогорулатарын белгилешкен (Ewelina Hallmann, 2012).

Капуста (*Brassica oleracea*) 16 эркин аминокислотаны, анын ичинде триптофан, лизин, метионин, тирозин, гистамин сыяктуу маанилүү кошулмаларды камтыйт. Ошондой эле, капуста A, B1, B6, C (аскорбин кислотасы), P, K витаминдерине, жарага каршы U витаминине, калий жана фосфор туздарына, микроэлементтерге (*кобальт, жез, цинк, магний*) бай. Анын курамында канттар, майлар, энзимдер (*лактоза, протеаза, липаза*), гормоналдык заттар жана фитонциддер бар.

Капустанын жалбырактарынын курамындагы клетчатка атеросклероздун өнүгүшүн алдын алууга жана ичеги-карын жолунун нормалдуу иштешин жакшыртууга көмөктөшөт. Минералдык туздардын ичинен калий ашыкча суюктукту чыгарууну стимулдаштырат, ал эми натрий сууну байланыштыруучу функцияны аткарат (Кархут В. В., 1993).

Пияз (*Allium cepa*) мээнин иштешин жакшыртууга багытталган өсүмдүк болуп саналат. Күкүрт кошулмалары кан аркылуу мээге өтүп, нейрондордун иштешин стимулдайт жана ден соолукка пайдалуу клеткалардын бузулушуна жол бербейт деп болжолдонууда. Айрыкча кызыл пияз сезгенүүгө каршы фитонутриенттерге, мисалы кверцетинге бай. Ак жана сары пияздарда да бул кошулмалар бар. Кверцетиндин терапиялык касиеттери боюнча карама-каршы маалыматтар бар, бирок айрым изилдөөлөр кверцетин митохондриялык биогенезди стимулдаштырып, баш мээ травмасынан кийин мээ клеткаларындагы митохондриялардын санын көбөйтөөрү божомолдонгон (Xiang Li at el, 2016).

Жогорудагы маалыматтарды эске алуу менен, Кыргызстандын түштүгүндө өстүрүлүүчү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн (*Solanum lycopersicum, Capsicum annuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) өсүүсүнө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасирин жана суу режими менен байланышкан процесстерин изилдөө зарылдыгы келип чыкты.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн (*Solanum lycopersicum, Capsicum annuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) өсүүсүнө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасирин, суу режимин эске алып изилдөө зарылдыктары каралды.

**Изилдөө материалдары жана методдору**

Изилдөө объектиси катары Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айылдык аймагындагы Жаңы-Турмуш участогунда жайгашкан айыл чарба жерлери тандалды. Жалпы изилденген аянт 0,10 гектарды түзүп, бардык көрсөткүчтөр гектарга карата эсептелип, тиешелүү түрдө 10га бөлүнүп алынган (kg/ha → kg/0.10 ha) (1-сүрөт).

Изилдөөлөр 2024–2025-жылдары жүргүзүлүп, негизги талаа жана лабораториялык иш-аракеттер 2024-жылдын 11-сентябрь айында жүргүзүлгөн үлгүлөрдүн негизинде ишке ашырылды. Алгач изилдөө объектисиндеги топурактын механикалык жана микроагрегаттык курамы аныкталды. Ал 2- таблицада көрсөтүлдү.

Колдонулган материалдар: Өсүмдүктөрдүн (*Solanum lycopersicum, Capsicum annuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) уруктары. Жер семирткичтердин эки түрү – химиялык жана биологиялык (жаныбарлардын кыгы ) колдонулду.

*Колдонулган методдор:* Механикалык курамын аныктоо – Качинскийдин модификацияланган методу боюнча; Гумус (органикалык заттар) курамын аныктоо – Тюриндин методу аркылуу; Жалпы азоттун көлөмүн аныктоо – Митчерлих методу колдонулду; Кыймылдуу фосфор жана калийдин мазмунун аныктоо – Манигин методу менен ишке ашырылды (ГОСТ 20432-83 “Удобрения”).

Бул методдор аркылуу алынган маалыматтар айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүшүнө жер семирткичтердин, жаныбарлардын кыгынын, гербицид жана инсектициддерди таасирин талдоодо негиз болуп кызмат кылат.





**1-сүрөт.** Жаңы-Турмуш эксперименттик участогу

Жаныбарлардын кыгы

Жашылча өсүмдүктөрүнө (*Solanum lycopersicum, Capsicum anniuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) колдонулган жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгы менен азыктандырылган (контроль/эксперимент) 1-таблицада көрсөтүлдү.

**1-таблица**

| **Негизги топ (нормалдуу топурак көрсөткүчү)** | **Сунушталган нормалар (контроль)** |
|---|---|
| Жашылча өсүмдүктөрү (*Solanum lycopersicum, Capsicum anniuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) алынган | |
| 1. Гумус: 3,13% (ортого же жогорурак)<br>2. Жалпы азот: 0,16% (төмөн)<br>3. $P_2O_5$: 50 мг/кг (ортого жакын)<br>4. $K_2O$: 164 мг/кг (төмөн)<br>5. pH = 7,2 (нейтрал) | 1. Азот (N): 22 кг/га (эгер карбамид түрүндө берсеңиз, активдүү N = 22 кг/га эквивалент)<br>2. Фосфор ($P_2O_5$): 13 кг/га<br>3. Калий ($K_2O$): 8 кг/га |
| **Жер семирткичтер менен жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасири (эксперимент)** | |
| Жашылча өсүмдүктөрү (*Solanum lycopersicum, Capsicum anniuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) алынган | |
| 1. Азот (N): 44 кг/га (же карбамид менен эквивалент — 32 кг/га көрсөтүлгөн вариант катары)<br>2. Фосфор ($P_2O_5$): 15 кг/га<br>3. Калий ($K_2O$): 25 кг/га | |

| 4. Жаныбарлардын кыгы 200–500 кг/га |
|---|

*Адистердин колдонуу сунушу эске алынды*
1. *Фосфор жана калий: күзгү айдоодо жана кык менен кошо жерге чачуу.*
2. *Азот (селитра/мочевина): эрте жаздан баштап вегетация учурунда бөлүп берүү (split-application).*
3. *Кык: жаңы эмес, 2–3 жылдык чиринди колдонуу; органик 3–4 жылда бир жолу кошуу сунушталат.*

Топурактын механикалык жана микроагрегаттык курамы аныкталды ал 2-таблицада көрсөтүлдү.

**2-таблица**

**Топурактын механикалык жана микроагрегаттык курамы**

| Гироскопиялык нымдуулук % | Франциянын курамы % менен (бөлүкчөлөрдүн өлчөмү мм менен) | | | | | | | Бөлүкчөлөрдүн суммасы | Механикалык курамы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | > 1.0 | 1,0-0,25 | 0,025-0,05 | 0,05-0,01 | 0,1-0,005 | 0,005-0,001 | <0,001 | <0.01 | |
| № 1 | Түзүлүшү | 0,18 | 43,54 | 10,48 | 14,18 | 16,1 | 15,48 | 45,76 | Оор кумайлуу |

**Изилдөөнүн жыйынтыгы жана аны талкуулоо**

Кыргызстан агрардык өлкө болгондуктан, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу улуттук экономиканын негизги факторлорунун бири болуп эсептелет. Азыркы учурда өсүмдүктөрдүн түшүмүн арттыруу үчүн түрдүү химиялык каражаттар – жер семирткичтер, гербициддер, инсектициддер жана фунгициддер колдонулуп келет.

Бирок алардын ашыкча же туура эмес пайдаланылышы экологиялык жана ден соолукка байланышкан көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн. Ошондуктан бул макаланын максатына жараша жер семирткичтердин эки түрү – химиялык жана биологиялык (жаныбарлардын кыгы) колдонулду.

Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айылдык аймагындагы Жаңы-Турмуш участогунда жайгашкан айыл чарба жерлеринде айыл чарба өсүмдүктөрү (*Solanum lycopersicum, Capsicum annuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) өтүрүлүп жер семирткичтер сунушталган нормада (контрол) колдонулду. Ал эми эксперимент катары жер семирткичтер менен жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасири жана суу режими менен байланышкан процесстери изилденди. Алар натыйжалары ( сүрөттөрдө) көрсөтүлдү.

Айыл чарба өсүмдүктөрүнө (*Solanum lycopersicum, Capsicum annuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасиринде мөмөлөрдүн ооруларга туруктуулугу жана түшүмдүүлүгү жогорулады. Алар ( 1,2,3,4,5,6,7,8,9 - сүрөттөдө ) көрсөтүлдү.




**2-сүрөт.** Памидордун (*Solanum lycopersicum)* өсүүсүнө жер семирткичтердин таасиринин көрсөткүчтөрү




**3-сүрөт.** Памидордун (*Solanum lycopersicum)* өсүүсүнө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасиринин көрсөткүчтөрү

***Эскерттүү:*** *Памидор өсүмдүгү баштапкы өсүүдө сууну көп талап кылат. Жемиш байлап жатканда туруктуу нымдуулук маанилүү болгон.*




**4-сүрөт.** Балгар калемпиринин (Capsicum annuum) өсүүсүнө жер семирткичтердин таасиринин көрсөткүчтөрү




**5-сүрөт.** Балгар калемпиринин (*Capsicum annuum)* өсүүсүнө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасиринин көрсөткүчтөрү

***Эскертүү:*** *Балгар калемпир үчүн баштапкы жана жемиш байлоо стадиялары эң маанилүү. Бул этаптарда ным жетишсиз болсо түшүм азаят.*




**6-сүрөт.** Капустанын (*Brassica oleracea*) өсүүсүнө жер семирткичтердин таасиринин көрсөткүчтөрү




**7-сүрөт.** Капустанын (*Brassica oleracea*) өсүүсүнө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасиринин көрсөткүчтөрү

***Эскертүү:*** *Капуста сууну көп талап кылган өсүмдүк. Көчөттөн кийин тийиштүү нымдуулук берилиши абдан маанилүү.*




**8-сүрөт.** Пияздын (*Allium cepa*) өсүүсүнө жер семирткичтердин таасиринин көрсөткүчтөрү




**9-сүрөт.** Пияздын (*Allium cepa)* өсүүсүнө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасиринин көрсөткүчтөрү

***Эскертүү:*** *Пияздын баштапкы өсүшүндө сугаруу абдан маанилүү. Баш байлоо маалында нымды азайтуу керек - бул сакталуусун жакшыртат.*




**10-сүрөт.** Айыл чарба өсүмдүктөрүнө жер семирткич, жаныбарлардын кыгы, гербициддер жана инсектицид берилгенден кийинки таасиринин көрсөткүчтөрү

Айыл чарба өсүмдүктөрүн жер семирткичтер жана жаныбарлардын кыгы менен азыктандырылган. Гербицид жана инсектициддер зыянкечтерден айыл чарба өсүмдүктөрдү коргоо максатта айкалыштырып нормада колдонулган. 10 - сүрөттө көрсөтүлгөндөй мөмөлөрдүн жетилүүсү жана продуктуулугу жогорулаган жыйынтыктары берди.

Суу – бул бардык тирүү организмдердин (*өсүмдүктөр, жаныбарлар жана адам*) үчүн зарыл болгон универсалдуу суюктук. Бардык оргaндарда суу бар. Суусуз бир дагы тирүү организм жашай албайт (Попова Я.И., 2022). Жогорудагы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн суу режимдери контролдо иш аракеттери жүргүзүлдү.

Жогорудагы жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын жашылчаларга сиңирилүүсүндө жана биохимиялык, физиологиялык иш аракеттеринде сугарууга болгон муктаждыгынын стадиялары 3-таблицада көрсөтүлдү жана эскертүүлөрдө белгиленди.

**3-таблица.** Жашылчалардын сугаруу зарылдыгы (стадиялары %)

| Өсүмдүк түрү | 1-стадия (*Көчөттүн өсүүсү*) | 2-стадия (*Гүлдөө алдында*) | 3-стадия (*Мөмө байлоосунда*) |
|---|---|---|---|
| Помидор (Solanum lycopersicum) | 40% | 30% | 30% |
| Болгар калемпири (Capsicum annuum) | 35% | 30% | 35% |
| Капуста (Brassica oleracea) | 50% | 30% | 20% |
| Пияз (Allium cepa) | 60% | 25% | 15% |

Жаныбарлардын кыгынын жана жер семирткичтин биргелешкен таасири өсүмдүктөрдүн өсүүсүн жана түшүмдүүлүгүн жогорулатаарын эксперименттик тажрыйбаларда баяндалды. Ал памидордун мисалында 11-сүрөттө көрсөтүлдү.




Контроль Эксперимент

**11- сүрөт.** Памидордун (*Solanum lycopersicum)* өсүүсүнө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасиринин көрсөткүчтөрү

Кыска мөөнөттө, бул жер семирткичтин экономикалык пайдасы азыраак болушу мүмкүн, бирок узак мөөнөттө ал топурактын түшүмдүүлүгүн сактап, экологиялык жактан чоң пайда алып келери аныкталды.

**Жыйынтык**

Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айылдык аймагындагы Жаңы-Турмуш участогунда жайгашкан айыл чарба жеринде жүргүзүлгөн экспериментте айыл чарба өсүмдүктөрүн (*Solanum lycopersicum, Capsicum annuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) өстүрүүдө жер семирткичтердин жана жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасири түшүмдүүлүктү 30-40%га жогорулатканын көрсөттү. Бирок, ашыкча жер семирткичтерди колдонуу экологияга терс таасир тийгизиши мүмкүн. Андан тышкары, жер семирткичтер менен жаныбарлардын кыгынын биргелешкен таасири узак мөөнөттүү туруктуу түшүмдүүлүктү камсыз кылат.

***Практикалык сунуштар:*** Жер семирткичтерди белгиленген нормада жана талапка ылайык колдонуу.

1. Гербициддер жана инсектициддерди интегралдык зыянкечтерди башкаруу системасы менен айкалыштыруу зарыл.
2. Суу – өсүмдүктөрдүн биохимиялык жана физиологиялык процесстерин ишке ашыруучу союктук, анын күнүмдүк керектелүүсүнө көңүл буруп, суу режимин байкоо өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн артырат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Abreu A.C., Fernández I.(2020). NMR metabolomics applied on the discrimination of variables infl uencing tomato (Solanum lycopersicum) // Molecules. 2020. Vol. 25, N 16. Article ID 3738. https://doi.org/10.3390/molecules251
2. Попова Я.И. (2022). Вода. Водный режим. Водное голодание/ Международ. научный журнал «Вестник науки» 2022. № 12 (57) Т.2 С. 305-307.
3. Кархут В. В. (1993). Лекарства вокруг нас. – К.: Здоровье, 1993. – 232 с.
4. Xiang Li, Handong Wang, Yongyue Gao, Liwen Li, Chao Tang. (2016). Protective Effects of Quercetin on Mitochondrial Biogenesis in Experimental Traumatic Brain Injury via the Nrf2 Signaling Pathway // PloS One.- 2016. T. 11. https://doi:10.1371/journal.pone.0164237
5. Tohge T., Fernie A.R.(2015). Metabolomics-inspired insight into developmental, environmental and genetic aspects of tomato fruit chemical composition and quality // Plant Cell Physiol. 2015. Vol. 56, N 9. P. 1681–1696. https://doi.org/10.1093/pcp/pcv093

6. Ewelina Hallmann, Ewa Rembiałkowska.(2012). Characterisation of antioxidant compounds in sweet bell pepper (Capsicum annuum L.) under organic and conventional growing systems. J Sci Food Agric. 2012 Sep;92(12):2409-15. https://doi: 10.1002/jsfa.5624.
7. ГОСТ 20432-83 “Удобрения”.

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2025, 3(3), сс. 68-80
**doi:** 10.65469/eijournal.2025.3.3.8
eijournal.ilimbilim.kg

АЙЫЛ ЧАРБА / СЕЛЬСКОЕ ХОЗЯЙСТВО / AGRICULTURE
УДК 577:57

# Совместное воздействие минеральных удобрений и навоза на сельскохозяйственные культуры

**Газибаев Юсуфжон Касымжанович**
*магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан*

**Молдалиев Жоомарт Тумакович**
*к.б.н., доцент, Ошский государственный университети, Кыргызстан, joomart77@oshsu.kg*
*ORCID 0000-0001-5525-7629*

**Аннотация**

В данной статье показано, что в эксперименте, проведенном на сельскохозяйственной земле, расположенной на участке Жаны-Турмуш Кызыл-Кыштакского сельского округа города Ош, совместное воздействие удобрений и навоза при выращивании сельскохозяйственных культур (*Solanum lycopersicum, Capsicum annuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) повысило урожайность на 30-40%. Однако чрезмерное использование удобрений может негативно сказаться на экологии. Кроме того, сообщается, что совместное воздействие удобрений и навоза обеспечивает долгосрочную устойчивую урожайность. Разработаны соответствующие рекомендации: использование удобрений в установленных нормах и в соответствии с требованиями. Необходимо использовать гербициды и инсектициды в норме с целью защиты от вредителей. Следует обратить внимание на потребление воды, поскольку она участвует в биохимических и физиологических процессах растений, и проводить мониторинг водного режима.

**Ключевые слова:** сельскохозяйственные культуры, продукты питания, витамины, удобрения, вода, минеральные вещества, гербицид, инсектицид

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2025, 3(3), pp. 68-80
**doi:** 10.65469/eijournal.2025.3.3.8
eijournal.ilimbilim.kg

АЙЫЛ ЧАРБА / СЕЛЬСКОЕ ХОЗЯЙСТВО / AGRICULTURE
УДК 577:57

# The Joint Effect of Mineral Fertilizers and Manure on Agricultural Crops

**Gazibayev Yusufzhon Kasymzhanovich**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan*

**Moldaliev Zhoomart Tumakovich**
*Associate Professor, Candidate of Biological Sciences, Osh State University, Kyrgyzstan,* joomart77@oshsu.kg
*ORCID 0000-0001-5525-7629*

## Abstract

This article demonstrates that in an experiment conducted on agricultural land located in the Zhany-Turmush area of the Kyzyl-Kyshtak rural district of Osh, the combined use of fertilizers and manure in growing crops (*Solanum lycopersicum, Capsicum annuum, Brassica oleracea, Allium cepa*) increased yields by 30-40%. However, excessive use of fertilizers can negatively impact the environment. Furthermore, the combined use of fertilizers and manure is reported to ensure long-term sustainable yields. Recommendations have been developed: use fertilizers within established standards and in accordance with requirements. Herbicides and insecticides should be used appropriately to protect against pests. Water consumption should be monitored, as it is involved in the biochemical and physiological processes of plants.

**Keywords:** agricultural crops, food products, vitamins, fertilizers, water, minerals, herbicide, insecticide